DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-234-240
УДК: 811.512.154

**Абдыкеримова А. Э.,** *филол. илимд. докт.*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
**Халматова М. М.,** *магистрант*
*halmatmari@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-6422-6877*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЭЛЕСТҮҮ ЭТИШТЕРДИН СТИЛИСТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

*Макалада кыргыз тилиндеги элестүү этиштерди стилистикалык аспектисине байланышкан маселелер каралды. Кыргыз тил илиминде элестүү этиштер, негизинен, морфологиялык өңүттө гана каралып, ал эми лексика-семантикалык, стилистикалык, функциялык ж. б. өзгөчөлүктөрү изилдөө предметине айлана элек. Буга байланыштуу, элестүү этиштердин стилистикалык аспектисине, тактап айтканда, алардын стилистикалык табияты, колдонулуш чөйрөсүнө байланыштуу айрым маселелер талдоого алынды. Бул категориядагы этиштер туюндурган кыймыл-аракеттин же ал-абалдын мүнөзү, ички кошумча маанилери, семантикалык боёкчолору, алардын натыйжасында стилистикалык функциясы спецификалуу болгондуктан, көркөм стилде (көркөм тексттерде) жана оозеки сүйлөшүү стилинде образдуулук, элестүүлүк, эмоциялуулук жаратуу максатында колдонулат. Бул жагдай «Манас» эпосунан алынган мисалдар аркылуу көрсөтүлдү. Ал эми иштиктүү расмий стилде, илимий стилде дээрлик кездешпейт, публицистикалык стилде да колдонулушу чектелген жана шартталган мүнөзгө ээ. Демек, элестүү этиштердин экспрессивдүүлүк дарамети зор болгону менен, аларды стилистикалык колдонуу чөйрөсү чектелүү.*

***Түйүндүү сөздөр***: *кыргыз тили, этиштер, элестүү этиштер, морфологиялык аспект, лексика-семантикалык, стилистикалык, көркөм стиль, образдуулук, экспрессивдүүлүк, эмоциялуулук, сыпаттоо.*

**Абдыкеримова А. Э.,** *докт. филол. наук*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
**Халматова М. М.,** *магистрант*
*halmatmari@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-6422-6877*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# СТИЛИСТИЧЕСКАЯ ПРИРОДА ОБРАЗНЫХ ГЛАГОЛОВ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*В статье рассмотрены некоторые вопросы, связанные с стилистическим аспектом образных глаголов в кыргызском языке. В кыргызском языкознании образные глаголы рассматривались, в основном, в морфологическом аспекте, а их лексико-семантические, стилистические, функциональные и другие особенности до сих пор не становились предметом изучения. В связи с этим, в статье рассмотрены некоторые вопросы, касающиеся стилистического аспекта образных глаголов, т. е., вопросы, связанные с их стилистической природой, сферой употребления. Так как характер, дополнительные значения, семантические оттенки движения или состояния, выражаемых этой категорией глаголов, и как следствие, стилистическая функция образных глаголов специфична, они употребляются лишь в*

*художественном стиле (художественных текстах) и в устном разговорном стиле для придания речи образности, выразительности, эмоциональности. Такая специфика образных глаголов показана примерами из эпоса «Манас». Такие глаголы не встречаются в официально-деловом, научном стилях, использование в публицистическом стиле носит ограниченный и обусловленный характер. Несмотря на то, что экспрессивный потенциал образных глаголов огромен, их стилистическая сфера употребления ограничена.*

***Ключевые слова**: кыргызский язык, глаголы, образные глаголы, морфологический аспект, лексико-семантический, стилистический, художественный стиль, образность, экспрессивность, эмоциональность, описание.*

***Abdykerimova A. E.**, doctor of philology*
*aaida1973@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-3680-8348*
***Khalmatova M. M.**, master's student*
*halmatmari@gmail.com*
*ORCID: 0009-0003-6422-6877*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## THE STYLISTIC NATURE OF FIGURATIVE VERBS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

*The article discusses some issues related to the stylistic aspect of figurative verbs in Kyrgyz language. In Kyrgyz linguistics, figurative verbs have been considered mainly in the morphological aspect, and their lexic-semantic, stylistic, functional and other features have not yet been studied. In this regard, the article discusses some issues related to the stylistic aspect of figurative verbs, i.e., issues related to their stylistic nature and scope of use. Since the character, additional meanings, and semantic nuances of movement or state expressed by this category of verbs, and as a result, the stylistic function of figurative verbs is specific, they are used only in artistic style (literary texts) and in oral colloquial style to give speech imagery, expressiveness, and emotionality. This specificity of figurative verbs is shown by examples from the epic «Manas». Such verbs are not found in official business or scientific styles, and their use in the journalistic style is limited and conditional. Despite the fact that the expressive potential of figurative verbs is huge, their stylistic scope of use is limited.*

***Keywords**: Kyrgyz language, verbs, figurative verbs, morphological aspect, lexico-semantic, stylistic, artistic style, imagery, expressivity, emotionality, description.*

Кыргыз тилиндеги сөз түркүмдөрүнүн ичинде өтө олуттуу орун ээлеген этиштердин арасында өзүнчө чоң топту түзүп, семантикалык жактан, колдонулуу чөйрөсү жана аткарган кызматы жактан, стилистикалык мүнөзү жактан, ошондой эле белгилүү даражада формалык түспөлү жактан мүнөздүү спецификага ээ болгон элестүү этиштер тобу лингвистикалык аспектиде ар тараптуу, системалуу изилдеп-талдоого алына электиги белгилүү. Арийне, кыргыз адабий тилинин нормативдик грамматикаларында, морфология боюнча, тилибиздеги этиштер категориясынын лексика-семантикалык, грамматикалык маселелери боюнча эмгектерде бул топко кирген этиштер тууралуу учкай гана кеп болуп келе жатканы да белгилүү. Бул жагдайды буга чейинки эмгегибизде көрсөткөнбүз [1]. Алсак, «Азыркы кыргыз адабий тили» аттуу академиялык эмгекте элестүү этиштер тууралуу этиштин морфологиялык жол менен жасалышы деген параграфта гана учкай сөз болгон: «Туунду этиштер тууранды сөздөрдөн жасалат. Андай этиштер ошол тууранды сөздөр билдирген табышты, элести тууроо маанисин берет: шалдыра, шылдырла, тарбаңда, далдаңда, тырбаңда, багжаңда, бөйпөңдө, колтоңдо ж. б. Бир катар тууранды сөздөр белгилүү бир мүчөнүн жардамы менен туунду зат атоочко өтөт да, андан соң -ла мүчөсү уланып,

туунду этиш жасалат: тарсыл-да, күрсүл-дө, бажыл-да, жалтыл-да, жалпыл-да ж. б.» [2, 381-382-бб.].

С. Давлетов жана С. Кудайбергеновдордун авторлугунда жарык көргөн «Азыркы кыргыз тили: Морфология» аттуу окуу китебинде деле ушул багыттагы эле маалыматтар берилген. Тактап айтканда, элестүү этиштер заттардын сырткы көрүнүшү же алардын кыймыл-аракеттерине байланыштуу элестерди билдирген элестүү сөздөр менен байланышта каралып, образдуу татаал кыймыл-аракет же ал-абалды билдирген элестүү этиштер туунду формада экендиги, азыркы мезгилде өз алдынчалыгын жоготкон өлүү уңгулардан, атооч же этиштик тирүү уңгулардан же табыш жана элес тууранды сөздөрдөн жасалгандыгы белгиленген [3, 207-208-бб.].

Тилчи-окумуштуу С. Кудайбергенов «Кыргыз тилиндеги элестүү этиштер» аттуу эмгегинде элестүү этиштер боюнча салыштырмалуу кененирээк изилдөө-талдоо берүүгө аракеттенген. Бул эмгекте автор кыргыз тили элестүү сөздөргө жана андан жасалган элестүү этиштерге өтө эле бай экендиги; бул типтеги сөздөр боюнча коңшулаш жашаган өзбек, уйгур, түркмөн жана кара калпак тилдери кыргыз тилине теңдеше албастыгын; элестүү сөздөр жана алардын туунду формалары боюнча канатташ жашаган бир тууган элдердин ичинен кыргыз тили менен, мүмкүн, казак тили гана катарлаша аларын; ошондой эле лексикалык катмардын мындай тиби сибирь түрк тилдеринде, мисалы, якут тилинен учурары, ал эми айрым түрк тилдеринде, мисалы, Түркия түркчөсү, азербайжан, татар, башкыр тилдеринде жокко эсе экендигин; монгол тилинде да элестүү этиштер кезигерин көрсөткөн. Окумуштуунун мындай пикирлерге келүүсүнө аталып өткөн тилдер боюнча жарыкка чыккан улуттук-орусча сөздүктөрдөгү материалдар жана тилдик айрым фактыларды салыштырып кароо негиз болгону белгиленген. Ошондой эле элестүү этиштер түрк тилдеринин айрым белгилүү гана бөлүгүнө таралышы алардын өзүнчө бир ареал түзүшүнө алып келери тууралуу көз карашын билдирип, ал тилдердин өкүлдөрүнүн байыркы тарыхы жана экономикалык шарттары сыяктуу факторлор менен байланышта экендиги тууралуу божомолду айткан [4, 12-13-бб.].

Байкалып тургандай, аталган эмгектерде элестүү этиштердин, негизинен, морфологиялык табиятына, тактап айтканда, морфологиялык структурасына, жасалышына байланыштуу маселелер гана каралган. С. Кудайбергеновдун монографиялык изилдөөсүндө элестүү этиштердин уңгулук бөлүгүнүн семантикасы жана азын-оолак этимологиясына, айрым элестүү этиштердин туюндурган маанилерине орус тилинде түшүндүрмө берүүгө да азын-оолак орун берилген. Ал эми бул категориядагы этиштердин лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасы, өзгөчөлүктөрү тууралуу кеп болгон эмес.

Демек, жогорудагы айтылгандардан улам, кыргыз тилиндеги этиштердин өзүнчө бир чоң бөлүгүн түзгөн элестүү этиштер улуттук тил илимибизде морфологиялык аспектиде гана каралган деп айтууга болот.

Ал эми мындай этиштер туюндурган кыймыл-аракеттин же ал-абалдын мүнөзү, ички кошумча маанилери, семантикалык боёкчолору, алардын натыйжасында стилистикалык функциясы спецификалуу болгондуктан, жогоруда белгиленгендей, элестүү этиштердин лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасына байланыштуу маселелер улуттук тил илимибизде изилдөө-талдоого алынуучу маселелердин катарында турушу талапка ылайык деп эсептейбиз.

Аталган маселелердин катарына элестүү этиштердин стилистикалык аспектисине, тактап айтканда, алардын стилистикалык табияты, колдонулуш чөйрөсүнө

байланыштуу маселе кирери талашсыз. Кептик практикага, байкоолорго таянсак, аталган категориядагы этиштер, негизинен, оозеки сүйлөшүү стилинде жана көркөм стилде колдонулат. «Туюндурган кыймыл-аракеттик маанисинин образдуулугуна, элестүүлүгүнө, экспрессивдүүлүгүнө байланыштуу, бул категориядагы тилдик каражаттар иштиктүү расмий стилде, илимий стилде дээрлик кездешпейт. Көркөм стиль менен чектеш абалда турган публицистикалык стилде да колдонулушу чектелген жана шартталган мүнөздө» [1, 44-б.].

Элестүү этиштер көркөм стилдин үлгүлөрүндө каармандын образын, кыймыл-аракетти же ал-абалды, кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү, кубулушту сүрөттөө-сыпаттоо, көркөмдөп, элестүү, таасирдүү, образдуу кылуу, оозеки сүйлөшүү стилинин өзгөчөлүктөрүн берүү, экспрессивдүүлүк, эмоциялуулук, айрым контексттерде салыштырма туюндуруу максатында колдонулат. Анткени кыргыз тилиндеги элестүү этиштер башка тилдерде сүйлөмдүк чектеги кеңири мүнөздө түшүндүрмө берүү, чечмелөө аркылуу туюндурулган кыймыл-аракетти, ал-абалды бир сөздүн (мисалы, *жылтылда, жалжылда, шакылда, бөкчөй* ж. б.) гана, аналитикалык формада болсо, эки-үч сөздүн (*жылт-жылт эт, жал-жал кара, шак-шак эт, тарп-тарп де* ж. б.) жардамы менен туюндуруп берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Айтылгандарды көркөм тексттерден, атап айтканда, кыргыз элинин улуу эпосу болгон «Манастын» текстинен алынган иллюстрациялык мисалдар менен ырастап берүүгө аракеттенип көрөлү. Анткени «Манас» эпосунда этиштердин кеп болуп жаткан категориясына тиешелүү тилдик каражаттар өтө көп санда орун алганы жана алар эпостун тилинде, композициялык курулушунда ар түрдүү кызматтарды аткарганы айкын байкалат. Дегеле, элдик оозеки чыгармачылыкта болобу, акындык поэзияда болобу, же профессионал адабиятта болсун, элестүү этиштердин ар кыл түрлөрү кыйла арбын колдонулуп, семантикалык, прагматикалык жана экспрессивдүүлүк максатка багытталганын көрө алабыз.

а) Каармандын образын ачып берүү үчүн анын тышкы келбет-түспөлүн, кыймыл-аракетин же ал-абалын сүрөттөөдө колдонулат:

Байкаган бою *дүркүрөп,*
Мас болгон нардай *күркүрөп,*
Алмамбет турду ордунан
Ооздон түтүн *буркурап,*
Көөрүктөн жалын чыккандай
Көздөн оту *шыркырап* [С.О. 2, 263-б.]. Бул контексттеги *күркүрөп, буркурап, шыркырап* элестүү этиштери Алмамбет баатырдын бир учурдагы ал-абалы менен тышкы көрүнүшүн сүрөттөө үчүн колдонулган.

Көзү кетти *чекчейип,*
Көкүрөк жүнү *сексейип,*
Сакалы кетти *түксүйүп,*
Чачы кетти *үксүйүп,*
Үтүгүнө шоодай деп
*Үтүрөңдөп* бул капыр [С.О. 2, 123-б.]. Бул контекстте «Көкөтөйдүн ашы» окуясында Кошой балбан менен күрөшкө чыккан Жолойдун бир учурдагы тышкы келбет-кешпирин сүрөттөөдө *чекчейип, сексейип, түксүйүп, үксүйүп, үтүрөңдөп* элестүү этиштери колдонулуп, негизинен, каарманды терс, жагымсыз түрдө сыпаттоо үчүн кызмат кылышкан. Аны көрсөтүлгөн этиштердин туюндурган маанилери да ырастап турат. «Чекчей – 1. Кадала кароо, тикирее кароо, көзүн чекирейтип тирмие кароо. 2. Кекирейген, бой көтөргөн түрдө болуу, мыкчыюу, кекирейүү» [5, 1320-б.];

«Сексей – үрпөйгөн, сербейген, иретсиз көрүнүштө болуу (чач, жүн ж. б. карата)» [5, 1080-б.]; «Түксүй – 1. Беттен түк чыгып же үрпөйүңкү көрүнүштө болуп көрүнүү, чачы иретсиз үрпөйгөн кебетеде болуу. 2. Ачуусу келүү, каарданган кебетеде болуу, кабагын бүркөө» [5, 1231-б.]; «Үксүй – 1. Үксөйүү, үрпөйүү, саксаюу. 2. Үксөйүп, үрпөйгөн кебетеде каардануу, ачуулануу» [5, 1274-б.]; «Үтүрөңдө – үтүрөйгөн кебетеде болуу, кабагын түйө ачуулануу, урушуу, жини келүү» [5, 1281-б.].

б) Кандайдыр бир кыймыл-аракеттин же ал-абалдын өзүн сүрөттөө кызматын аткарат:

Айбатын басып *деңгиреп,*
Арстаның Манас *кеңгиреп,*
Ачуусу келип *зеңгиреп,*
Аш бышым токтоп тим турду [С.О. 3, 159-б.]. Бул контексттеги *деңгиреп, кеңгиреп, зеңгиреп* элестүү этиштери Манас баатырдын бир учурдагы ал-абалын элестүү чагылдырып-туюндуруп берүү үчүн колдонулган. «Деңгиреп – башы айлануу, эс-акылы айкын эмес элдир-селдир абалда, эңги-деңги болуу» [5, 344-б.]; «Кеңгире – 1. Башы айланып, зыңылдап ооруу, эч нерсени сезбей калуу. 2. Эмне кыларын билбей башы катуу, башы маң болуу, кеңкелестенип бет алды баса берүү» [5, 690-б.]; «Зеңгире – башы айлануу, кеңгирөө, эңги-деңги болуу» [5, 531-б.]. Мында элестүү этиштер позитивдүү ал-абалды эмес, адамдын кыйналып, эс-акылы, сезимдери айкын болбой турган абалын элестүү туюндуруп берүү үчүн колдонулган.

Керней үнү *бапылдап,*
Сурнай үнү *такылдап,*
Жезнай чыгып *шакылдап,*
Доол согуп *күңгүрлөп,*
Тоо көчкөндөй *дүңгүрлөп* [С.О. 3, 112-б.]. Бул контекстте *бапылдап, такылдап, шакылдап, күңгүрлөп, дүңгүрлөп* элестүү этиштери добуштук мүнөзгө ээ болгон кыймыл-аракет, ал-абалга элестүүлүк, образдуулук берүү максатын көздөгөнү байкалып турат. Алардын семантикасын карап көрөлү. «Бапылда – бап-бап эткен дабыш чыгаруу|| Үнүн катуу чыгарып сүйлөө» [5, 178-б.]; «Такылда – так-так эткен дабыш чыгаруу, так-так этип урулуу, кагылуу» [5, 1133-б.]; «Шакылда – 1. Шак-шак этүү, шак-шак эткен дабыш чыгаруу, 2. Тез-тез иштөө, ылдам кыймыл менен жасоо» [5, 1366-б.]; «Күңгүрлө – күңгүр-күңгүр эткен дабыш чыгуу, күңгүрөө» [5, 846-б.]; «Дүңгүрлө – 1. Дүңгүр-дүңгүр этүү, даңгыр-дүңгүр этүү, кош жаңырык болуу, жаңырыктоо» [5, 369-б.].

Калмагынча *калдырап,*
Быштыбы деп маканың
Баладан сурайт *балдырап.*
Калмактын тилин биле албай,
Карады бала *жалдырап* [С.О. 3, 123-б.]. Мында *калдырап, балдырап, жалдырап* элестүү этиштери контекстке образдуулук, элестүүлүк, эмоциялуулук тартуулоо менен, үндүк (добуштук) жана ал-абалдык мүнөзгө ээ болгон. «Калдыра – 1. Калдыр-күлдүр, калдыр-шалдыр этүү, калдыраган (калдырттаган) добуш чыгаруу» [5, 614-б.]; «Балдыра – балдыр-балдыр этүү, так сүйлөй албоо, булдурап, түшүнүксүз сүйлөө» [5, 171-б.]; «Жалдыра – ээси оогондой шалдайып максатсыз карап отура берүү, кыймылсыз бир нерсени тиктеп калуу || Бирөөдөн кандайдыр бир жардам күткөндөй, сурангандай жалооруп кароо, жал-жал кароо, өтүнүч кылгандай кароо» [5, 398-б.].

в) Кандайдыр бир нерсенин, көрүнүштүн, кубулуштун кыймыл-аракетин, ал-абалын сүрөттөө-сыпаттоо максатында колдонулат:

Эртеңки таң атканда
Чымын учуп *чырылдап,*
Чымчык учту *чурулдап,*
Жер жүзүнөн жел туруп,
Жерден булоо *бурулдап.*
Күн кызыган шашкеде
Көкөтөй туусу *калкылдап,*
Атың болсо чубат деп
Бакырып Айдар *баркылдап,*
Көк асаба *жалпылдап,*
Куучабдар минип *талпылдап*

Аралап колго киргени… [С.О. 3, 151-б.]. Мисал катары берилген контекстте *чырылдап* чымындын, *чурулдап* чымчыктын, *бурулдап* жерден көтөрүлгөн булоонун, *калкылдап* туунун, *жалпылдап* асабанын ал-абалын же/жана кыймыл-аракетин образдуу, элестүү, динамикалуу мүнөздө сүрөттөө, сыпаттоо максатын көздөп колдонулган. Кийинки мисалда да элестүү этиштер ушундай эле максатты көздөгөн:

Чоң күрсү сабы *чочоюп,*
Чоң кара ат менен *очоюп,*
Найзасы колдо *койкоюп,*
Алтын наалы, жез өкчө
Кытайча өтүк *чойкоюп,*
Кылычы белде *кыңгырап,*
Көтөргөндө колуна
Көк найзасы *зыңгырап,*
Ак канжар жанда *шыңгырап,*
Ач арстандай *ыңгырап,*

Көк желеги *жалпылдап…* [С.О. 3, 237-б.]. Ал эми бул контекстте болсо *чочоюп* күрсүнүн, *койкоюп* найзанын, *чойкоюп* буттагы өтүктүн, *кыңгырап* кылычтын, *зыңгырап* найзанын, *шыңгырап* ак канжардын, *жалпылдап* желектин ал-абалын же/жана кандайдыр бир динамикалык өзгөчөлүгүн элестүү түрдө сыпаттоо үчүн кызмат кылганы байкалып турат.

Арийне, элестүү этиштердин туюндурган маанисинин семантикалык боёкчолоруна, кошумча маанилерине жараша көркөм текстте (контекстте) аткарган кызматын жогорудагыдан да майдалап, деталдуу түрдө классификациялоого болот. Биз макалалык чекте алардын жалпылаштырылган, типтүү колдонулуштарын гана көрсөтө алдык.

Ошондой эле элестүү этиштерде формалык же тыбыштык түзүлүшү жагынан окшоштук, жакындык арбын орун алгандыктан, башкача айтканда, айрымдары тыбыштык формасы бир же бир-эки тыбыш менен айырмаланып, паронимдик катарды түзгөндүктөн, алар поэзиялык формадагы көркөм тексттерде ыргакты же уйкаштыкты камсыздоодо да олуттуу роль ойношот. Мисалы:

Эртеңки таң атканда
Чымын учуп *чырылдап,*
Чымчык учту *чурулдап,*
Жер жүзүнөн жел туруп,
Жерден булоо *бурулдап.*
Күн кызыган шашкеде
Көкөтөй туусу *калкылдап,*

Атың болсо чубат деп
Бакырып Айдар *баркылдап,*
Көк асаба *жалпылдап,*
Куучабдар минип *талпылдап*

Аралап колго киргени… [С.О. 3, 151-б.]. Бул фрагментте *чырылдап / чурулдап / бурулдап* жана *калкылдап / баркылдап / жалпылдап / талпылдап* элестүү этиштери ыргакты да, уйкаштыкты да камсыздоо үчүн кызмат кылган.

Же болбосо:
Астыңкы эрли *албайып,*
Үстүнкү эрди *далбайып,*
Эки ийнин жапкандай

Эки кулак *калдайып…* [С.О. 3, 151-б.]. Бул контекстте да *албайып / далбайып / калбайып* элестүү этиштери, бир жагынан, каармандын («Көкөтөйдүн ашына» келген Чыноончүк баатырдын) сырткы көрүнүшүн сыпаттап сүрөттөө, экинчи жагынан, уйкаштык үчүн колдонулганы ачык байкалып турат.

Элестүү этиштердин оозеки сүйлөшүү стилинде арбын колдонулушу деле белгиленген максаттарга багытталып, кепти жандуу, элестүү, образдуу, экспрессивдүү-эмоциялуу кылууга шарт түзөт. Демек, элестүү этиштердин экспрессивдүүлүк мүмкүнчүлүктөрү зор болгону менен, стилистикалык жактан алганда, функционалдык стилдин бардык түрлөрүндө эле колдонула бербестигин алардын стилистикалык жана функционалдык өзгөчөлүгү катары кароого болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз тилиндеги этиштердин спецификалуу чоң тобун түзгөн элестүү этиштер улуттук тил илиминде, негизинен, морфологиялык аспектидеги изилдөө-талдоолорго гана алынып, ал эми лексика-семантикалык, формалык, стилистикалык, функционалдык ж. б. спецификасы, өзгөчөлүктөрү жагынан сөзгө алына электиги аларга системалуу мүнөздөгү лингвистикалык изилдөө жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт. Мындай изилдөөлөрдө жогоруда көрсөтүлүп кеткен маселелер сөзсүз эске алынышы керек, анткени алар жана алардан келип чыккан башка маселелер элестүү этиштердин лингвистикалык табиятын толук ачып берүүгө өбөлгө түзөт деп эсептейбиз.

**Адабияттар:**

1. Абдыкеримова, А. Э. Кыргыз тилиндеги элестүү этиштерди изилдеп үйрөнүүгө байланыштуу айрым маселелер / А. Э. Абдыкеримова // КР УИАнын кабарлары – Известия НАН КР. - Бишкек: Илим, - 2024. - 44-47-бб.
2. Азыркы кыргыз адабий тили: Фонетика, Лексикология, Лексикография, Фразеология, Морфология, Синтаксис, Стилистика, Тексттаануу, Лингвопоэтика. - Бишкек: Аврасия Яйынжылык, 2009. - 928 б.
3. Давлетов, С. Азыркы кыргыз тили: Морфология / С. Давлетов, С. Кудайбергенов. - Фрунзе: Мектеп, 1980. -236 б.
4. Кудайбергенов, С. Кыргыз тилиндеги элестүү этиштер / С. Кудайбергенов. - Фрунзе: Илим, 1981. - 80 б.
5. Кыргыз тилинин сөздүгү / А. Акматалиевдин жалпы ред. астында. - Бишкек: Avrasya press, 2010. - 1460 б.
6. Манас: эпос. 2-китеп / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. - Фрунзе: Кыргызстан, 1980. - 452 б.
7. Манас: эпос. 3-китеп / Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. - Фрунзе: Кыргызстан, 1981. - 348 б.